УДК: 378. (575.2)(043.3)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-304-310

**Эсеналиева Г.О.**
тарых илим. канд., доц.
С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети
**Мамбетова М.**
аспирант
С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети
**Эсеналиева Г.О.**
канд. истор. наук, доц.
Нарынский государственный университет имени С. Нааматова
**Мамбетова М.**
аспирант
Нарынский государственный университет имени С. Нааматова
**Esenalieva G.O.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Naryn State University named after S. Naamatov
**Mambetova M**.
Graduate Student
Naryn State University named after S. Naamatov

# САТЫБАЛДЫ НААМАТОВДУН КЫРГЫЗ ТАРЫХЫНДА АЛГАН ОРДУ

# МЕСТО САТЫБАЛДЫ НААМАТОВА В ИСТОРИИ КЫРГЫЗСТАНА

# THE PLACE OF SATYBALDY NAAMATOV IN THE HISTORY OF KYRGYZSTAN

**Аннотация:** Сатыбалды Нааматов кыргыз элинин алгачкы агартуучуларынан болуп саналат. Ал XX кылымдын 20-30-жылдарында кыргыз жергесинде жаңы түптөлүп жаткан билим берүү системасын окуу китептери, окуу-усулдук колдонмолор менен камсыздоого өзгөчө чоң салым кошкон инсан. Анын кыргыз тили жана аны окутуунун методикасы боюнча эмгектери ошол учурдагы элибиздин сабатсыздыгын жоюу ишине абдан зор кызмат өтөгөн. С. Нааматовдун окуу куралдары өз учурунда көптөгөн нускада басылып чыгып, мектеп окуучулары жана мугалимдери үчүн билим алуунун булагы болуп бере алган. Ал бир эле учурда чыгармачылык ишмердүүлүктү да аркалап, бир канча көркөм туундуларды да жараткан. Анын улуттук көркөм адабияттын өнүгүшү жаатында да белгилүү бир даражада салымы бар. Бүгүнкү күндө аталган инсандын адабий-педагогикалык мурастарын изилдөө зарылдыгы астыда турат.

**Негизги сөздөр:** XX кылым, билим берүү, сабатсыздыкты жоюу, С. Нааматов, окуу китеби, окуу-усулдук колмонмо, көркөм адабият.

**Аннотация:** Сатыбалди Нааматов – один из первых просветителей кыргызского народа. В 20-е и 30-е годы 20 века он внес значительный вклад в обеспечение вновь созданной системы образования на кыргызском языке учебниками и учебными пособиями. Его труды по кыргызскому языку и методике его преподавания сыграли большую роль в ликвидации безграмотности нашего народа того времени. Учебники С. Нааматова были изданы большим тиражом и стали источником образования для школьников и учителей. Параллельно занимался творческой деятельностью и создал несколько произведений искусства. Он также внес определенный вклад в развитие национальной литературы. Сегодня возникает необходимость изучения литературно-педагогического наследия упомянутой личности.

**Ключевые слова:** XX век, образование, ликвидация неграмотности, С. Нааматов, учебник, инструкция, художественная литература.

**Annotation:** Satybaldi Naamatov is one of the first enlighteners of the Kyrgyz people. In the 20s and 30s of the 20th century, he made a significant contribution to providing the newly established education system in Kyrgyz with textbooks and instructional manuals. His works on the Kyrgyz language and the methodology of its teaching played a great role in eradicating the illiteracy of our people at that time. S. Naamatov's textbooks were published in many copies and became a source of education for schoolchildren and teachers. At the same time, he was engaged in creative activities and created several works of art. He also contributed to a certain extent in the development of national literature. Today, there is a need to study the literary and pedagogical heritage of the mentioned person.

**Keywords:** XX century, education, elimination of illiteracy, S. Naamatov, textbook, instruction manual, fiction.

1930-жылдар жалпы союздук республикалардагыдай эле кыргыз тарыхында эң кандуу жылдардан болуп калды. Канчалаган күнөөсүз адамдар массалык репрессиялардын курмандыктарына айланышкан. Алардын арасында Е. Поливанов,И. Арабаев, К. Тыныстанов, С. Нааматовдой алгачкы агартуучулар болгон. Бул адамдар ошол кездеги кыргыз интелигенциясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнөн болушкан. Алардын эмгектеринин жок кылынышы, өздөрүнүн камакка алынышы, өлүм жазасына буюрулушу жаңы түптөлүп келе жаткан кыргыз мамлекети үчүн орду толгус чоң жоготуу болгон.

Сатыбалды Нааматов 1905-жылы Ат-Башы өрөөнүндөгү Балагазы (азыркы Жаңы-Күч) айылында бийдин үй-бүлөөсүндө туулган. Ыбырайым Абдрахмановдун жазып калтырган кол жазмасына караганда Сатыбалдынын чоң атасы Токтогул Кашкардын чыгыш жагындагы Келте-Жайлак деген жерди жайлап жүрүп, 1876-жылы Наамат төрөлгөндөн кийин Ат-Башыга көчүп келип отурукташып калган. Токтогул улуу аялынан Наамат, кичүү аялынан Кенжегул атуу эки уулду болгон. Өзү оокаттуу болгондуктан, балдарына кыйынчылык көрсөтпөй, молдолорго берип окутуу менен жакшы тарбиялап өстүргөн. Наамат калыс, элге карамдуу бий болуп, кадыр-баркы артып турганда, баласынын кадыры менен Токтогул Мекеге барып ажы болуп келген. Токтогул ажы Мекеге барганда ар түрдүү китептерди, саат жана башка буюмдарды ала келип, «балдардын бирөөсүн Стамбулдан окутсам жакшы болоор эле», деп, балдары келечекте эл керегине жараган билимдүү уулдардан болуусуна тилек кылган экен [1].

Наамат бийдин кичүү аялы Сейилман белгилүү манасчы, агартуучу Ы. Абдрахмановдун жалгыз карындашы болгон. Сатыбалды Нааматов кичинесинен зээндүү болуп, алгач айылдык молдолордон, кийин кыргыз, орус-тузем мектептеринен окуп сабатсыздыгын жоёт. Айрыкча таякеси Ыбырайым Абдрахманов менен бир үйдө болгондуктан, ал кишинин таасири астында билим алууга кызыга баштайт. Муну байкаган таякеси Сатыбалдыны атка учкаштырып алып, ата-энесинин каршылыгына болбой, Алматыдагы Казак-кыргыз эл агартуу институтуна алпарып өткөрүп келет [3]. Бул институтта окуп жүргөндө турмушка болгон көз карашы калыптанып орус, татар, казак, өзбек адабияттарын көп окуп, өзү да аңгеме, ырларды жазып, басма беттерине жарыялап турган.

Элибизде сабатсыздыкты жоюу үчүн, 1925-жылы 25-октябрда Бишкекте жаңы типтеги окуу жайы – Эл Агартуу институту ачылып, кийин ал педагогикалык техникумга айланган. 1927–28-окуу жылында педагогикалык жумушчу факультети /рабфак/ ачылып, 1932-жылы республиканын эң алгачкы жогорку окуу жайы-Кыргыз Мамлекеттик Педагогика Институту уюшулган.[34] Ушундан баштап биринчи мугалимдерди даярдоо иши жолго коюулган. Буга чейин сабатсыздыкты жоюуда, кеңеш өкмөтүнүн максаттарын иш-жүзүнө ашырууда, маданий-агартуу иштерин жылдырууда Уфа, Казан, Алматы, Ташкент шаарларындагы жогорку окуу жайларын бүтүрүп келген агартуучулар алдынкы катарда туруп, алгачкы

кыргыз алиппесин, окуу китептерин, алардын методикасын жана башка окуу куралдарын иштеп чыгуу менен алгачкы авторлору катары кыргыз тарыхында өчпөс из калтырышкан. Алардын арасында агартуучу, жаш илимпоз, окумуштуу-педагог, кыргыз тилин окутуунун методикасына негиз салуучу-Сатыбалды Нааматов болгон. Ал – Кыргызстандын маданий-агартуу ишине негиз салган көрүнүктүү ишмерлер: Э. Арабаев, К. Тыныстанов, Т. Жолдошев, О. Алиев, Б. Данияров, А. Шабданов, Х. Карасаев ж.б. улуу адамдар менен иштешип, кыргыз элинин келечеги үчүн илимий - педагогиканын башатын түптөгөн.

1928-жылы Эл агартуу Комиссариаты тарабынан Сатыбалды Нааматовду Кыргызстан Мамлекеттик Басмасында иштөөгө, борборго алып калышат. [4] Мына ушул күндөн баштап Сатыбалды Нааматовдун алгачкы эмгек жолу башталган. Ал Кырмамбаста редактор, ушул эле учурда педагогикалык техникумда мугалим болуп, педтехникумдун директору Петр Кузмич Юдахин, окуу бөлүмүнүн башчысы Базаркул Данияров, алдынкы мугалимдер: Е.И. Сидоренко, Н.М. Шубин, В.Г. Образцов, Г.И. Хоролец, В.А. Лунин, Б.И. Зимма, А.И. Игнатьев ж.б. менен чогуу иштешет. Ошол учурда (1928–1933-жылдары) кыргыздын бир катар белгилүү инсандары бул окуу жайында окушкан [5]. Алсак, А. Осмонов, К. Маликов, З. Бектенов (Зыяш Бектенов 1931-жылы педтехникумга мугалим болуп калган), Р. Шүкүрбеков, Ж. Бөкөнбаев, С. Сасыкбаев, Ш. Жамансариев, Т. Байжиев, М. Абдыкеримов. П. Синелши-ков, Ж. Самаганов, Г. Айтиев, Ч. Койчуманов, М. Алыбаев, М. Элебаев, С. Күмүшалиева, Боронбай уулу Райымбек, А. Айдаркулов ж.б. Бул улуу инсандарга Сатыбалды Нааматов да билим берип калган. Бул тууралуу Абдрасул Токтомушевдин эскерүүсүндө: «А. Осмомов С. Нааматовду «Биздин мугалим» деп атоочу. Алыкул, Кубанычбек да Сатыбалдыны жакшы адам деп макташаар эле» [6] – деп эскерсе, Зыяш Бектенов: «Сатыбалды Нааматов биздин техникумга адеп келгенде эле педпрактикага жетекчи болуп келип, бизге нормативный грамматиканы окутчу» – деп эскерет. [7]

Сатыбалды Нааматов чоңдор үчүн кайра – кайра оңдоп, түзөтүүлөр менен жети жолу басмадан чыккан алиппенин, балдар үчүн жазылган беш алиппенин, биринчи жана экинчи о.э. чала сабаттуулар үчүн он эки окуу китептин, беш методикалык китептин, башталгыч класстын мугалимдери үчүн алты программанын, ондогон илимий – методикалык макалалардын жана методикалык каттардын, балдар үчүн үч көлөмдүү аңгеменин (өз-өзүнчө китеп болуп чыккан) автору болгон [8].

Чындыгында эле Сатыбалды Нааматов жаңы эле кабыл алынган латын алфавити менен, учур талабына ылайык окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен балдар жана чоңдор үчүн алиппе, окуу жана методикалык китептерди, методикалык каттарды башкалардан айырмаланып өтө көп жазган. Ал ошол учурда кыргыз тилин окутууга байланыштуу методикалык адабияттарды алгачкылардан болуп жазган жана кыргыз тили боюнча окуу программаларын түзүү ишине да активдүү катышкан [9]. Сатыбалды Нааматов биринчи жолу «бүтүн сөз» жана «сүйлөм» методун колдонуп, аны алиппе, окуу китептеринде практикалаган. «Бүтүн сөз» методун «америка методу» деп аталган [10]. Бирок бул метод иш жүзүндө аз мезгил гана пайдаланып, кайрадан «тыбыш» методуна өткөн. Себеби, «бүтүн сөз» методу Америкада чоңдорду окутууда гана колдонулган. Ошондой болсо да С. Нааматовдун «бүтүн сөз» методунун негизинде түзүлгөн алиппе жана окуу китептери сапаттуу чыгып, сабатсыздыкты жоюуда бир далай кызмат өтөгөн [11].

С. Нааматов Эл агартуу Комиссариатынын мектеп башкармачылыгынын алдында программаларды жана окутуунун методикасын иштеп чыгуу секторунун башталгыч класстар боюнча адисти катары иштеп турганда, Кыргызстандын булуң-бурчтарына командировкага жиберилип, текшерүү жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен айыл-кыштак мугалимдерине педлаборатория, мугалимдер үчүн консультацияларды өткөрүп, ондогон илимий-методикалык каттарды, макалаларды жазып, мугалимдерге чукулдан көмөк көрсөтүп, эл агартуу Комиссариатынын алдында уюшулган республикалык методикалык бирикмелердин иштерине жетекчилик кылып, педагогикалык көргөзмөлөрдү уюштуруп турган [12].

С. Нааматов 1929-жылы “Сабатсыздык жоюулсун” деп аталган чондор учун алиппени, бириичи жолу аялдарга арнап «Туңгуч» деп аталган аялдар үчүн окуу китебин 5000 нускада басмадан чыгарган. Бул окуу китеби кыргыз аялдарынын сабатын ачууда, алардын жаңы турмушка болгон көз карашын жаңыча калыптандырууда эбегейсиз эмгек болгон. Китепте балдарды кандай тарбиялоо керектиги жөнүндө «Бала тарбиялоо жөнүндө», «Жаны төрөлгөн баланын салмагын өлчөө», «Баланы эне сүтү менен асыроо», «Баланы эне сүтүнөн башка тамак менен асыроо». «Баланы кириндирүү», «Баланын кийими», «Бешик» аттуу бир топ текстер, ошондой эле жугуштуу оорулардан сактануу боюнча да кеңеш катары «Жугуштуу оорулар», «Котон жара» ж.б. темадагы тексттер берилген. Бул окуу китеби «Аялдар жөнүндө кеңеш мыйзамы» аттуу темада, аялдар менеи эркектердин тең укуктуулугун далилдеген бир катар мыйзамдар жазылуу менен аяктаган [13]. Анын «Сабатсыздык жоюулсун» алиппеси 1932-жылдан «Сабаттуу колхозчу» деген аталышта жыл сайын оңдолуп толукталып 100 миң нускада басылып чыккан. Латын тамгасында И. Арабаев менен К. Карасаев чоңдор үчүн “Жаңылык” аттуу алип-бээ түзүшүп, ал 1928-жылы Кыргызмамбас тарабынан 10000 нускада басылып чыккан. Бирок С. Нааматов түзгөн китептер талаптарга жооп бергендиктен Парткомпрос тарабынан түзүлгөн комиссия 1930 жылдан баштап ошол автордун китебин чыгарууну сунуш кылган.

С. Нааматовдун «Кичинекей колхозчу» /1931/ алиппеси авторлор кеңешмеси тарабынан, К. Тыныстановдун сунушу боюнча «сүйлөм» методунун негизинде түзүлгөн. Бул алиппе китебинде бир топ шарттарды эске алуу мекен жеңилден оорго, жакындан алыска баруу принциптери сакталган. Ошондой эле «Кичинекей колхозчу» алиппесинин алгачкы беттеринде сүрөттөр берилип, алдына сөздөр /аттары/ жазылып коюлган. А эгерде «сүйлөм» методу менен түзүлгөн болсо, анда эмне үчүн сөздөр менен гана берилген деген суроо туулушу ыктымал. Аны С.Нааматов мындай деп түшүндүрөт: «Окуучулардын ой-жүгүртүүсүн тереңдетүү үчүн, өздөрүн сөз улап айтууга көнүктүрүүдө сүрөттөргө карап, алдына жазылган негизги сөзгө, сүрөттөрдөгү кыймыл-аракеттерди кошуу. Мисалы: Орок оруп жаткан кишинин сүрөтүнүн алдына «Ата» деп жазылып коюлган. Окуучулар сүрөткө карап «Ата орок оруп жатат» деп өздөрү табуулары керек. Ошондуктан АТА, БАЛА, АПА ж.б. жеке сөз болуп тургандыгы менен, сүрөттөгу кыймыл-аракетти бириктире келгенде сүйлөм эсебинде түшүнүү керектигин белгилеген [14].

С. Нааматов бир топ адабияттарга таянып, алардын негизинде эне тилибизди окутуунун методикасын иштеп чыккан. Алсак, «Родной язык в школе» /учеб. пособ. для школ. 2 ступ/, П. Афанасьев «Родной язык и комплексной системе преподавания», И. Шапошников «Как обучать грамоте», К. Бархин «Развитие речи и изучение художественных произведений», А. Смирнов-Кутаческий «Комплекс и грамотность», «Программы и методические записки единой трудовой школы» вып. II, «Жаңы мектеп» №2, 3. 1929-жыл китептерин пайдалануу менен «Эне тилинин методикасы» китебин жазып, 2000 нускада 1930-жылы басмадан чыгарган. Бул китепке чейин Э.Арабаевдин «Жазуу жолунда саамалык» аттуу китеби чыгып, ал китепте 11 сабакты окутуунун жолу көрсөтүлгөн болсо, С. Нааматов түзгөн «Эне тилинин методикасы» китебинде, тилдин келип чыгышынан тартып, окуу-жазууга үйрөтүү методдору жөнүндө, балдарды сөзгө көнүктүрүү, көркөм чыгармаларды окутуу жумуштарына чейинки методдор көрсөтүлүп, алты бөлүмгө бөлүнгөн. С. Нааматовдун бул методикалык китебинин чыгышы, республикадагы мугалимдердин сабак өтүүдөгү биринчи жардамчысы болуп калган [15].

С. Нааматов бир гана сабатсыздыкты жоюу менен эле чектелбестен, балдарга арнап, «Жөжөлөр», «Тынымкан», «Шексиз тилек» ж.б. ангемелер жыйнагын, «Барса келбес сапар» повестин, «Түштүктөгү жер төңкөрүшү», «Аял» поэмалары жана башка көптөгөн китептери басмадан чыгарылган. Ошондой эле орус классиктери Н.В. Гогольдун «Текшерүүчүсүн», Д. Фурмановдун «Козголоңчусун», М. Горькийдин «Егор Булычевин», М. Шолоховдун «Тынч Донун», казак тилинен «Шерниязды» кыргыз тилине которгон.

1929-жылы 27-декабрда Сталин «кулактарды тап катары жоюу» ураанын жарыялагандан баштап «бөрк ал десе, баш алмай» саясат айрыкча Кыргызстанда күч алып, анын кесепетинен кандуу жылдарда жалган жалаа менен тагдырларына балта чабылган. Кыргызстан областык партиялык уюм өз алдынча иштеген 8 жылда, союздук масштабда жүргүзүлгөн компания боюнча тазалоону төрт жолу башынан өткөргөн. Натыйжада мамлекетке, элге берилип эмгектенип жаткан көптөгөн күнөөсүз, таланттуу ишмерлер партиядан чыгарылып, кызматтарынан бошотулган. Бул жагынан республикалык жана жергиликтүү партиялык жана советтик уюмдар жогортон келген буйрук, көрсөтмөлөрдү ашыгы менен аткарууга машыккан. Директивалык документтерге ылайык «туташ коллективдештирүү» жүргүзүлгөн райондордо кулакка тартуулар 3–5 проценттен ашпашы керек эле. Бирок ал көрсөтмөлөр кагаз жүзүндө калып, «үчтүктөр» өз билермандыктары менен каалагандай калчап, планды ашыгы менен толтуруп, бейкүнөө элди кыргынга салышкан [16].

1933-жылы эле жабылган «социал Туран партиясынын» ишин кайрадан козгоп чыгышат да, бир аз аракеттер болуп, бирок толук түзүлбөгөн бул партияга тиешеси бар делип, эч жазыксыз адамдар атууга кесилген. Катаал тазалоолордун, массалык репрессиянын натыйжасында Кыргызстандын партиялык уюму 1934-жылдын январынан 1934-жылдын апрелине чейин эле 14 миң адамдан 6 минге кыскарган [17]. Кыргызстандын маданиятына, илим-билимине биринчи чыйыр салган, алгачкы илимпоздор жана коомдук ишмерлер мына ушул кандуу репрессиянын тузагына илинишип, жалган жерден бейкүнөө атылып кетишкен. Алсак, Б. Солтоноев, Э. Арабаев, Е. Поливанов, К. Тыныстанов, С. Наматов, А. Шабданов, Б. Данияров, Б. Исакеев, А. Орозбеков, Ж. Садаев, И. Айдарбеков, Т. Айтматов ж.б. кыргыз элинин чыгаан уулдарынын атын атасак болот. Бул улуу ишмерлер Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле жапырт сабатсыздыкты жоюуда, коомдук иштерди жүргүзүүдө эң көп иштерди аткарышып, кыргыз элинин келечеги үчүн зор салым кошушкан.

Архивдик маалыматтарга токтолсок: 1934-жылдын 1-ноябрына карата Эл Агартуу Комиссариатында иштеген кызматкерлердин тизмесинде: «Сатыбалды Нааматов 1905-жылы туулган, 1933-жылдан бери башталгыч класстардын методисти, бийдин баласы, ВКП /б/ нын мүчөсү, Нарындан келген. Первомайская 64 дарегинде жашайт» деп жазылган. Ал тизмедеги Эл агартуу Комиссариатындагы 38 кызматкердин аты жазылган, алардын ичинде алтоо кыргыз болгон: Токчоро Жолдошев, Үсөн Иманов, Базаркул Данияров, Ногойбаев жана Маманова [18].

С. Нааматов Эл агартуу Комиссариатынан 1935-жылдын 17-февралында ошол учурдагы Эл агартуу Комиссары Токчоро Жолдошевдин буйругу менен кызматтан алынган. Буйруктун 3-параграфында мындай деп жазылган:

*«Методиста Школьного управление тов. Наматова как чуждого элемента, протаскивающего в учебниках чуждую нам идеологию «Букварь для детей и букварь для взрослых» протаскивал теорию «Долой Коня и Верблюда», квалифицировал национальные части Красной Армии-как Национальные армии с 17/02 с г. с работы снять.*

*Создать комиссию в составе тов. Абрамова, Саманчина, Юнусалиева для просмотра всех учебников, составленных Наматовым. Работу комиссии закончить к 1-му марта и представить полные рецензии на просмотренные учебники».*

1935-жылдын 17-марттагы Эл агартуу Комиссариатынын №90 буйруту менен С.Нааматовдун бир катар окуу китептери, алиппелери окуудан алынып салынат.[19]

1937-жылы 10-августта Эл агартуу Комиссары О.Алиевдин №152 буйругу менен Сатыбалды Нааматов Пединституттагы кызматынан алынат. Ал буйрукта мындай деп жазылган:

*Приказываю директору Пединститута тов. Тынаеву снять с работы а Институте С. Нааматова, как националиста, протаскивающего Тыныстановскую националистическую концепцию в методических языковых вопросах.* [20]

Ушул эле буйрук менен Тыныстановдун китептери, кол жазмалары жок кылынууга буйрук берилип, ошондой эле институтта кыргыз тили боюнча илимий кызматкер Х. Карасаев да, К. Тыныстановду жактоочу, улутчул катары жумуштан алынган.

С. Нааматов 1937-жылы 10-августта Институттагы кызматынан алынгандан кийин эле үйү тинтүүгө алынып, үйүндө болгон китеп, кагаз аттуунун баары НКВДсынын кызматкерлери тарабынан жок кылынып, 26-сентябрда камакка алынган. Камакта 141 күн жатып, 1938-жылы 10-февралда Кыргыз ССР НКВДсынын тройкасы (үч кишиси) атууга өкүм чыгарып, 14-февраль 1938-жылы Фрунзе шаарында атылган. Бирок сөөгү кайсы жерге көмүлгөнү белгисиз.

Ошол кандуу жылдардагы окуялар тууралуу **С. Наматовдун кызы – Наматова Үмүт апанын эскерүүсүнө токтоло кетсек:** «Мен ошол кезде 5 жашка чыгып баарын эле түшүнүп калган кезим болчу. Ошол кездеги жашаган турмушубуз келген-кеткен кишилер, туугандарыбыз азыр деле көз алдыда элестеп турат, өзгөчө камакка алып кеткен күнү.

Ошол күнү абдан ысык эле. Мен чоң атамдыкынан өзүбүздүн үйгө келе жаткам, астыман Түркмөн авамдын уулу чыкты. Ал деле 8 жаштагы бала болчу, ыйлап келатыптыр. «Үмут бар үйгө тезирээк, атаңа милиция келди» – деди. Короого кирсем эл толуп калыптыр, эшикте чоң энелерим, туугандарыбыз ыйлап турушуптур.

Бирөөлөр мени эшиктин жанында турган милицияга «бул кызы» дешсе мени киргизишти. Үйдүн бурчунда атам, чоң атам отурушуптур. Агам мени астына отургуза койду, анан жумуштан келген апамды киргизишти. Үйдүн ичин аңтарып чыгышып, болгон китеп - кагаздарды, сүрөттөрдү чогултуп, акт түзүштү да мешокторго салышты. Анан атамдын эки колун артына карматып, машинеге салып алып кетишти. Ызы-чуу болуп таң атканча ыйладык. Чоң атам отурган жеринен тура алган жок. Эртеси апам жумушуна кеткенден кийин чоң энем болуп отурсак милиция дагы келип, экөөбүздү жетелеп эшикке чыгарып коюшту да, үйдөгү эмеректин эч нерсесин калтырбай эшикке алып чыгышты. Жаан куюп жатты. Үйсүз көчөдө калдык.

Апам экөөбүздү Украинага айдалсын дегенде, 1-роддомдун жетекчилери менен коллективи арызданып жатып алып калышты. Апамды жетим деп сурашты, атасы, энеси, агасы 1916-жылкы көтөрүлүштө курман болушкан, бирок атамдыи Курманаалы деген иниси айдалып барып, I жылдан кийин келип каза болду. Ошентип бизди болсо үйдөн чыгарышты, эч ким киргизбейт, квартирге акча жок, эмеректерибиздин көбү эшиктен жок болду. Кузнечный крепостко гана бизди бир орустар киргизди, ошондо бир кичинекей бөлмөдө Түркмөн авамдын үй-бүлөсү, биз, атамдын иниси болуп 2 жыл жашадык. Чоң атам кайтыш болгуча эч кимибизди жанынан чыгарган жок.

Апам болсо бир жыл түрмөнүн эшигинин алдында жүрдү. Эки эле жолу передача алышты. Экинчисинде «пияз менен бир жаздык гана жибер» дептир. Ошол передачаны «получил» деп записка жибериптир. Улам арызданып апам кирсе бир жылдан кийин гана он жылга кесилди, «выслали» дешиптир. Өмүр бою апам күттү. 51 жылдан кийин өлөрүндө «Сатыбалды» деп бир нече жолу сурап каза болду. 22 жашында калган. Эң жакын эки кишинин өмүрү заматта өтүп кетти. Азыр деле аларды жаш кезиндегидей элестетем.

Чоң энем колуман жетелеп, күндө кечке жуук эшикке чыгаар эле. Бир кезде күрөң костюм, ак көйнөк, галстук тагынган атам келип, чоң энемди маңдайынан өөп, мени колуна көтөрүп алчу эле. Ошол бойдон эсте калышты [21].

Кийин Сатыбалды Нааматовдун иши боюнча Кыргыз ССР Жогорку Соту тарабынан 1957-жылы 26-февралда кайра каралып, кылмыш иши жок болгондуктан, 1938-жылдын 10-февралдагы Кыргыз ССР НКВДсынын үч кишисинин **(тройкасынын)** чечимин жокко чыгарып, акталган.

2009-жылы 9-июлда депутаттардын Нарын шаардык кеңешинин XXV чакырылыштагы VI сессиясынын токтому менен Нарын мамлекеттик университетине окумуштуу-агартуучу, жазуучу- котормочу Сатыбалды Нааматовдун ысымын берүү жөнүндө токтому чыккан [22]. Ушул эле жылдын 18-декабрында Кыргыз республикасынын өкмөтүнүн токтому чыккан.

Анда: “Нарын мамлекеттик университетине окумуштуу-агартуучу, жазуучу-котормочу Сатыбалды Нааматовдун ысымы ыйгарылсын жана ал мындан ары: Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети деп аталсын деген токтом чыккан [23].

Ар бир доор башкалардан кандайдыр бир касиети, эмгеги менен айырмаланган өзүнүн өзгөчө тарыхта кала турган инсанын жарат эмесби? Бирок өкүнүчтүүсү ал инсандар учурунда бааланбай, куугунтукталып, айыпталып, атылып же көзү өтүп кетет да качан гана бир канча убакыт өткөн соң бааланып-бартталып жалган жалаалар алынып, акталат. Тилекке каршы, советтик мезгилде Кыргызстандын тарыхындагы чыгаан инсандардын ролу жана ээлеген орду кыргыз тарыхнаамэсинде изилденбей, экинчи планга сүрүлүп, реакциячыл күчтөр катары тескери мүнөздөлүп келген. Эгемендүүлүк доорунда гана кыргыз элин эл кылып сактап,элди алдыга үндөп келген инсандарыбыз тарыхдагы татыктуу орундарын таап, айрымдары тууралуу китептер жазылып, эстеликтер орнотулууда. Демек, атактуу агартуучуларыбыздын бизге калтырган ыйык керээздерин ар намыстуулук менен улантышыбыз керек. Бул инсандардын өздөрүнүн өмүрү, жасаган эмгектеринин көпчүлүгү дагы да толук изилденип, тарыхда татыктуу орун ала элек.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абдрахманов Ы. Намат Токтогуловдун өмүрү жөнүндө жазган кол жазмадан. Кол жазма Нааматова Үмүт апандан алынган.
2. Абдрахманов Ы. Аталган кол жазмада
3. Абдрахманов Ы. Намат Токтогуловдун өмүр баяны жөнүндө жазган кол жазмадан.
4. КР. МБА. 688. 3. 31 104-бет
5. КР. МБА. 688. 3. 142 104-бет
6. Мезгил жана Алыкул. Фрунзе.1990. 210–220-беттер
7. Бектенов З. С. Наматовду эскерүү. КР. МБА. 688. 3. 31 104-бет
8. Кадыров Ы. Эмгегин элге жеткирээр кез келди // Кыргыз Туусу,1992 -жыл.18-январь
9. Осмонкулов А. Кыргазстанда эл агартуу ишинин жана эне тилин окутуунун тарыхынан 1974. 195-бет
10. Нааматов С. Эне тилниии методикасы. 1930-жыл
11. Нааматов С. Эне тилинин методикасы. 1930-жыл
12. Измайлов А. Э. Кыргызстандагы советтик мектептердин тарыхы. Ф., 1961. 245-бет
13. Нааматов С. «Туңгуч» аялдар үчүн окуу китеби. 1929-жыл
14. Осмонкулов А. Кыргызстанда эл агартуу иштеринин жана эне тилин окутуунун тарыхынан. 1974.129-бет.
15. Өмүрзаков Ө. Сатыбалды Нааматов-окумуштуу – педагог. – Бишкек, 2002
16. Бектемирова А,К С. Нааматов-алгачкы агартуучу // Известия ВУЗов. – Бишкек, 2010.
17. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А. А. Кыргызстан тарыхы. – Бишкек, 2001.
18. Кадыров Ы. Эмгегин элге жеткирээр кез келди // Кыргыз Туусу.1992-жыл.18-январь
19. КР. МБА. Ф. 688. опис. 3 хр. №98. 61-бет.
20. КР. МБА, Ф. 1725. 1. хр. №22
21. Сияев Т.М, Эсеналиев Г.О. Мамбетова М. Кыргыз элинин алгачкы агартуучуларынын бири С. Нааматов. Известия ВУЗов. – Бишкек, 2022
22. Нарын шаардык кеңешинин XXV чакырылыштагы VI сессиясынын токтому. 9-июль 2009-жыл. № 5 токтом.
23. Кыргыз Республикасынын өкмөтү. Токтом. Нарын мамлекеттик университетине С. Нааматовдун ысымын ыйгаруу жөнүндө. Бишкек ш. Өкмөт үйү. 2009-жылдын 18-декабры, №786.


**Рецензент: тарых илим. канд., доц. Асекова С.У.**